**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын**
**кезектеги отурумунун**
**№ 1 ПРОТОКОЛУ**

**2025-жылдын 29-августу**
*Өтүлүүчү жай: Ош ш., ЭАМФ, АГНФ кафедрасы, 108-окутуучулар каанасы*

1. Төрага –Джолдубаев С.Дж.
2. Катчы – Ташимбетова Ү.К.
3. Катышкандар: 16
4. Катышпагандар: 3

## Күн тартибинде:

1. **2025-2026-окуу жылына карата кафедранын иш планын жана кафедранын отурумдарынын иш планын бекитүү жөнүндө (Жооптуу: С.Джолдубаев);**
2. **2025-2026-окуу жылы үчүн ПО курамынын окуу жүктөмдөрүн жана штаттык жадыбалын бекитүү жөнүндө (Жооптуу: С.Джолдубаев);**
3. **Кафедранын дисциплиналары боюнча силлабус жана баалоо каражаттарынын фондун бекитүү жөнүндө (Жооптуу: С.Джолдубаев);**
4. **Кафедранын бардык дисциплиналары боюнча окуу-усулдук комплекстерин даярдоо жана бекитүү жөнүндө (Жооптуу: кафедрадагы дисциплиналардын башчылары);**
5. **Кафедранын мүчөлөрүнө коомдук милдеттерди жана тапшырмаларды бөлүштүрүү жана бекитүү жөнүндө (Жооптуу: С.Джолдубаев);**
6. **Окуу-усулдук кеңешинин, тарбия иштеринин, кафедранын эл аралык байланыштарынын, студенттик илимий ийримдин иштери боюнча иш пландарын бекитүү жөнүндө (Жооптуу: С.Джолдубаев);**
7. **Ар түрдүү маселелер.**

**1. Угулду: кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев сөзгө чыгып**, алгач жалпы коллективди жаңы окуу жылы менен куттуктап, күн тартиби менен окутуучулар жамаатын тааныштырып, 1-маселе боюнча сөзүндө 2025-2026-окуу жылына карата кафедранын иш планын жана кафедранын отурумдарынын иш планын бекитүү керектигин айтып, аны талкууга салды. Аталган иш пландар талкууда окутуучулар тарабынан жактырылып, кафедра башчы аларды бекитүүгө сунуштады. Ошондой эле жаңы окуу жылында кафедра башчы окутуучуларды сабактан тышкары, факультеттин жана университеттин коомдук иш-чараларына активдүү катышкыла деп чакырып кетти.

**2. Угулду: кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев:** "2025-2026-окуу жылы үчүн ПО курамынын окуу жүктөмдөрү жана штаттык жадыбалы боюнча айта кетсем, азыркы учурда 2-курска сабак бере турган окутуучулардын окуу жүктөмдөрү бүттү, ал эми 1-курска кабыл алынган студенттерге буйрук чыкканда, калган сааттар бөлүштүрүлүп, штаттык жадыбал бекитилет. Быйылкы окууга тапшырган студенттердин саны 1000ден ашкандыгына байланыштуу, сааттар да ашып, быйыл ваканттык окутуучулук орундар болот. Штаттык жадыбалдын бекитилиши 20-октябрларга барып калат",- деп билдирди.

**3. Угулду: кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев өз сөзүндө** окутуучуларга, дисциплина башчыларына силлабустарды жана баалоо каражаттар фондун карап чыгып, кафедранын окуу-усулдук кеңешинин төрайымы К.З.Максимовага текшертиңиздер деп тапшырма берди. Түзүлгөн сынактардын тесттик суроолорун ар бир окутуучу сабак учурунда студенттерге берип иштетип, аны колдонсо, сынак учуру келгенче студенттер

сынакка да даяр болуп калаарын белгиледи. Силлабустарды, БКФти жаңылап, толуктап тез аранын ичинде бекитиңиздер деп айтты.

**3.Окуу-усулдук кеңештин төрайымы К.З.Максимова сөзгө чыкты:** "Саламатсыздарбы урматтуу окутуучулар! Быйылкы жаңы окуу жылында ООП жаңыланган үчүн, окууга жаңы тапшырган 1-курстун студенттери үчүн ООП (жалпы, инструменталдык, социалдык-личносттук, кесиптик компетенциялар жана окутуунун жыйынтыктары) өзгөрдү, ошондуктан 1-курстар үчүн жасала турган силлабустар жаңыланат, ал эми былтыркы курстар үчүн силлабустар өзгөрүүсүз калат", - деп сөзүн жыйынтыктады.

**4. Угулду: гистология предмет башчысы Н.Ташматова** жаңы окуу жылына карата кафедранын дисцилиналары боюнча окуу-усулдук комплекстерди жаңылоо жана толуктоо иштери толук кандуу жүрүп жаткандыгын айтып, окуу-усулдук кеңештин төрөайымы К.Максимова менен биргеликте иш алып барып жаткандыгын белгиледи.

**5. Угулду: кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улай**: "Кафедрадагы коомдук тапшырмаларды бөлүштүрүү боюнча айта кетсем, былтыркы жооптуулар быйыл да өзгөрүүсүз калуусун сунуштаймын: завуч – З.Тойчиева, ОУКнин төрайымы – К.Максимова, илимий-изилдөө иштери боюнча жооптуу – А.Аргынбаева, улук куратор – Манас кызы У., сайтка жооптуу – С.И.Шералиева, студенттик илимий ийримдин жетекчиси – С.Бакиров, эл аралык байланыштар боюнча жооптуу – Орозбек у.Т. боюнча калышын сунуштаймын", - деди.

Окутуучулар жамааты жогорудагы сунуш менен бир добуштан макул болушту.

**6. Угулду: кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев** окуу-усулдук кеңешинин, тарбия иштеринин, кафедранын эл аралык байланыштарынын, студенттик илимий ийримдин иштери боюнча иш пландарын тез арада даярдап, бекитүүгө бериңиздер деп тапшырма берди.

**7. Ар түрдүү маселелер боюнча кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев:** "Scopuska макала даярдап, чыгарыңыздар, окуу колдонмолорду жазыңыздар. Кураторлук иштериңиздер башталып калды, бизге 2-курстар бөлүнөт билесиздер, кураторлук иштериңерди жүргүзүңүздөр",- деп сөзүн жыйынтыктады.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, айтылган сунуштарды эске алуу менен анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасы төмөнкүдөй

## Токтом кылат:

1. **2025-2026-окуу жылына карата кафедранын иш планы жана кафедранын отурумдарынын иш планы бекитилсин.**
2. **2025-2026-окуу жылы үчүн ПО курамынын окуу жүктөмдөрү жана штаттык жадыбалы бекитилсин.**
3. **Кафедранын дисциплиналары боюнча силлабус жана баалоо каражаттарынын фонду даярдалып, бекитилсин.**
4. **Кафедранын бардык дисциплиналары боюнча окуу-усулдук комплекстери даярдалып, толукталып, бекитилсин.**
5. **Кафедранын активдери өзгөрүүсүз калтырылсын.**
6. **Окуу-усулдук кеңешинин, тарбия иштеринин, кафедранын эл аралык байланыштарынын, студенттик илимий ийримдин иштери боюнча иш пландары бекитилсин.**
7. **Кураторлук иштер күчөтүлсүн.**

**Төрага:** [signature] **С.Дж.Джолдубаев**

**Катчы:** [signature] **Ү.К.Ташимбетова**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Эл аралык медицина факультети**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология**
**кафедрасынын кезектүү отуруму**

**2025.29.08.**

**КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ**

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Джолдубаев Сагынбек Джаркынбаевич | Кафедра башчысы, м.и.к., доцент | | |
| 2 | Ташматова Назгул Маматумаровна | Б.и.к., доцент | | |
| 3 | Аргынбаева Акмарал Турдалыевна | Б.и.к., доцент | | |
| 4 | Тороев Дурусбек Исанович | Улук окутуучу | | |
| 5 | Нуруев Мирлан Камалович | Улук окутуучу | | |
| 6 | Асанбек кызы Канымгул | Улук окутуучу | | |
| 7 | Пайзилдаев Тимур Рашидинович | Улук окутуучу | | |
| 8 | Алимбекова Айпери Алимбековна | Окутуучу | | |
| 9 | Ашимов Урмат Арстанбекович | Окутуучу | | |
| 10 | Байгашкаев Эртегин Сапарбекович | Окутуучу | | |
| 11 | Бакиров Санжар Бакирович | Окутуучу | | |
| 12 | Максимова Канышай Зариповна | Окутуучу | | |
| 13 | Манас кызы Уулкан | Окутуучу | | |
| 14 | Орозбек уулу Турсунбек | Окутуучу | | |
| 15 | Ташимбетова Умут Капаровна | Окутуучу | | |
| 16 | Тойчиева Зарина Жамалдиновна | Окутуучу | | |
| 17 | Эргешова Аида Масалбековна | Окутуучу | | |
| 18 | Шералиева Самара Ибраимовна | Методист | | |
| 19 | Кубанычбек кызы Асел | Лаборант | | |